Абу Масууд Аль-Ансари, радыяллаху анху, айтты: Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдын, алдына бир киши келип: «Менин улоом өлүп калды, мага мени мингизип алып жүргөнү улоо берчи» десе, Пайгамбар ага: «Менде жок» - деди. Башка бир киши: «Оо, Аллахтын Элчиси, мен ага аны ким мингизип аларын көрсөтөм» - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам: «Ким жакшылыкка жол көрсөтсө, анда ага аны аткарган адамдын сообундай сооп болот» - деп айтты.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган.]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга, бир киши келип: «Менин төөм өлүп калды, мени мингизип алып кеткени мага бир улоо бергиле» - деди. Ошондо, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, андан үзүр сурады, анткени аны мингизе турган эч нерсеси жок болчу. Ошол жерде турган бир адам айтты: «Оо, Аллахтын Элчиси, мен аны ким мингизээрин айтам» - деди. Ошондо Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, садака бергендин сообуна шерик болорун айтты. Анткени ал муктажга жардам берүүчү адамды көрсөтүп койду.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5354